# ММК фондунун 2025 жылдын 9 айында жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер

2025-жылдын 9 айында ММК фондуна жарандардан 31128 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113 Шыр байланышына – 30057 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 337 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 186, электрондук – 57, коомдук кабылдамага каттагандар – 491.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

209 даттануу келип түштү, анын ичинде 100 (47%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты. Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 38 учурда сөгүш берилди; 41 учурда эскертүү берилди; 5 учурда материалдык колдоо алынып салынды; 4 медициналык кызматкер (өз каалоосу боюнча) иштен бошотулду, кызматкерлери арасында, анын ичинде этика жана деонтологияны сактоо боюнча түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөн. ММК фондунун кызматкерлери 18 учурда даттанууларды кароо боюнча комиссиянын ишине катышкан.

Ошондой эле ММК фондуна акчалай жардам сурап 50 кат жүзүндө кайрылуулар түшкөн (материалдык жардам көрсөтүү, МСЭКтен өттүгө жардам берүү), 26 кат жүзүндө кайрылуу консультациялык мүнөздө (камсыздандыруу статусун текшерүү, 70 жашка чейинки пенсионерлер үчүн кошумча төлөмдүн деңгээли).

Баардык кайрылууларга телефон аркылуу консультациялар жана кат жүзүндө жооптор берилген, ошондой эле бейтаптарга специалистерден консультация алууга жана ооруканаларга жатууга жардам көрсөтүлгөн.